11. Комузчулук өнөр тарыхый жана педагогикалык-эстетикалык шарттарда (статья) http://www.science-journal.kg e-mail:sje.kg.2009@mail.ru Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2018. – №7. – 196-200-бб.



ISSN 1694-7649

ЖУРНАЛ «НАУКА И ТЕХНИКА» ОСНОВАН В 1993 ГОДУ,
ПЕРЕИМЕНОВАН В «НАУКА И НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ» В 1996 ГОДУ,
ПЕРЕИМЕНОВАН В «НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ
КЫРГЫЗСТАНА» В 2015 ГОДУ, ВЫХОДИТ ЕЖЕМЕСЯЧНО

Республиканский научно-теоретический журнал

# НАУКА,
# НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА

## № 7, 2018

БИШКЕК 2018

КАДРЛАР БӨЛҮМУ
ОТДЕЛ КАДРОВ

**ISSN 1694-7649 (печатная версия)**

# Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана 2018. № 7 (Июль)

**РЕСПУБЛИКАНСКИЙ НАУЧНО-ТЕОРЕТИЧЕСКИЙ ЖУРНАЛ**
Журнал зарегистрирован в Российском индексе научного цитирования **(РИНЦ)**
(Лицензионный договор №001-01/2015 от 12.01.2015).
**Импакт-фактор (0,125)**

**Главный редактор:** Токторалиев Б.А., академик НАН КР.
**Ответственный редактор:** Д. Жапаров, профессор

**Редакционная коллегия:**

**Алиева Г.М.,** д.филос.н., к.хим.н., профессор (Москва).
**Айдарова Г.Н.,** доктор архитектуры, профессор (Казань).
**Арабаев Ч.И.,** член-корр. НАН КР, д.ю.н., профессор.
**Артыкбаев М.Т.,** д.филос.н., д.полит.н., профессор.
**Байгазиев С.О.,** д.филол.н., профессор.
**Балтабаев М.А.,** д.м.н., профессор.
**Давлятов У.Р.,** д.т.н., профессор.
**Дженбаев Б.М.,** д.биол.н., профессор.
**Джумабаев К.Дж.,** д.э.н., профессор.
**Жакыпбеков Ж.Ж.,** д.и.н., профессор.
**Жумабаев А.Р.,** д.м.н., профессор.
**Изаак С.И.,** д.пед.н., профессор (Москва).
**Исаев К.И.,** д.филос.н., профессор социологии.
**Канаев Р.А.,** д.м.н., профессор.
**Кобулиев З.В.,** член-корр. АН РТ, д.т.н., профессор (Таджикистан).
**Кожобаев К.А.,** д.т.н., профессор.
**Кочербаева А.А.,** д.э.н., профессор.
**Куспангалиев Б.У.,** доктор архитектуры, профессор (Казахстан).
**Мамбетакунов Э.М.,** член-корр. НАН КР, д.пед.н., профессор.
**Мамытов М.М.,** д.м.н., академик НАН КР, профессор.
**Метленков Н.Ф.,** кандидат архитектуры, профессор.
**Молдоев Э.Э.,** д.ю.н., профессор.
**Мукимов Р.С.,** доктор архитектуры, профессор (Таджикистан).
**Муксинов Р.М.,** доктор архитектуры, профессор.
**Нургазиев Р.З.,** член-корр. НАН КР, д.вет.н., профессор.
**Панков П.С.,** член-корр. НАН КР, д.ф.-м.н., профессор.
**Собуров К.А.,** д.биол.н., профессор.
**Субанова М.С.,** д.биол.н., профессор.
**Усманов С.Ф.,** д.т.н.
**Чодураев Т.М.,** д.геогр.н., профессор.
**Шермухамедова Н.А.,** д.филос.н., профессор (Узбекистан).

Журнал зарегистрирован в Министерстве юстиции Кыргызской Республики (Свидетельство о государственной перерегистрации серия ГПЮ №150408-3301-ОО код ОКПО 20224813 от 3 ноября 2015 г.).
Издается с 1993 года.
**Выходит ежемесячно:**
**12 выпусков в год.**

Сдано в набор:
20.07.2018.
Подписано в печать:
29.07.2018.

Формат 70х108/16
Бумага офсетная.
Гарнитура: «Таймс».
Печать офсетная.
Усл.печ.л. 15,0 п.л.
Тираж 100 экз.

**ИЗДАТЕЛЬСТВО:**
**ОсОО «Издательство научных журналов и детской художественной литературы».**
**г.Бишкек**

**АДРЕС РЕДАКЦИИ:**
720040, Кыргызская Республика,
г.Бишкек, ул. Боконбаева, д. 99, 3 этаж.
Тел.: (0312) 30-32-97, 0772 268215.
http://www.science-journal.kg
e-mail: sie.kg.2009@mail.ru

***ПЕДАГОГИКА ИЛИМДЕРИ***
***ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ НАУКИ***
***PEDAGOGICAL SCIENCES***

***Джакыпов К.К.***
КОМУЗЧУЛУК ӨНӨР ТАРЫХЫЙ ЖАНА ПЕДАГОГИКАЛЫК-ЭСТЕТИКАЛЫК ШАРТТАРДА..........196
***Джакыпов К.К.***
ИСКУССТВО КОМУЗА В ИСТОРИЧЕСКИХ И ПЕДАГОГИКО-ЭСТЕТИЧЕСКИХ УСЛОВИЯХ…196
***K.K. Dzhakypov***
ART OF KOMUZ IN PEDAGOGICAL-AESTHETIC AND HISTORICAL CONDITIONS…196

***Ибраева А.Т.***
СТУДЕНТТЕРДИН БИЛИМИНИН ЖЫЙЫНТЫГЫН ЭФФЕКТИВДҮҮ БААЛООНУН КӨЙГӨЙЛӨРҮ……………………201
***Ибраева А.Т.***
ПРОБЛЕМЫ ЭФФЕКТИВНОЙ ОЦЕНКИ РЕЗУЛЬТАТОВ ЗНАНИЙ СТУДЕНТОВ………. 201
***A.T. Ibraeva***
THE PROBLEMS OF EFFECTIVE EVALUATION OF STUDENTS KNOWLEDGE RESULTS…………………………201

***Джакыпов К.К.***
МУРАТААЛЫ КҮРӨНКЕЕВ ЖАНА АНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖАШ МУУНДАРГА ЭСТЕТИКАЛЫК ТАРБИЯ БЕРҮҮ ШАРТЫНДА..........205
***Джакыпов К.К.***
МУРАТААЛЫ КУРЕНКЕЕВ И ЕГО ТВОРЧЕСТВО В УСЛОВИЯХ ЭСТЕТИЧЕСКОГО ВОСПИТАНИЯ МОЛОДОГО ПОКОЛЕНИЯ…..205
***K.K. Dzhakypov***
MURATAALY KURENKEEV AND CREATIVITY IN TERMS OF AESTHETIC EDUCATION OF THE YOUNGER GENERATION..........205

***ФИЛОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ***
***ФИЛОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ***
***PHILOLOGICAL SCIENCES***

***Чойбекова Н.Т.***
АНГЛИС ЖАНА НЕМЕЦ ТИЛДЕРИНИН «КААЛАГАНДЫК» ЖАЛПЫ КАТЕГОРИАЛДЫК СЕМАНТИКАСЫНА ЖАНА «КААЛАЙТ» ТАЯНЫЧ МААНИСИНЕ ЭЭ БОЛГОН ФУНКЦИОНАЛДЫК-СЕМАНТИКАЛЫК ТОБУНУН МОДАЛДЫК ЭТИШТЕРИ..........209
***Чойбекова Н.Т.***
МОДАЛЬНЫЕ ГЛАГОЛЫ АНГЛИЙСКОГО И НЕМЕЦКОГО ЯЗЫКОВ ФУНКЦИОНАЛЬНО-СЕМАНТИЧЕСКОЙ ГРУППЫ ОБЩЕКАТЕГОРИАЛЬНОЙ СЕМАНТИКОЙ «ЖЕЛАТЕЛЬНОЙ» И С ОПОРНЫМ ЗНАЧЕНИЕМ «ХОЧЕТ»…………………………209
***N.T. Choibekova***
THE FUNCTIONAL SEMANTICAL GROUP OF GENERAL CATEGORICAL SEMANTICS OF DESIRED AND WITH THE SUPPORT WORD «WANTS» OF MODAL VERBS IN THE ENGLISH AND GERMAN LANGUAGES…………………...209

***Абдыраманова А.Ш.***
КЫРГЫЗ РОМАНДАРДЫН ПОЭТИКАСЫНДА АНИМАЛИСТТИК ЫКМАЛАР…………………..214
***Абдыраманова А.Ш.***
АНИМАЛИСТИЧЕСКИЕ СРЕДСТВА В ПОЭТИКЕ КЫРГЫЗСКИХ РОМАНОВ………..214
***A.Sh. Abdyramanova***
ANIMALISTIC MEANS IN POETICS OF KYRGYZ NOVELS…………………………….214

***Чойбекова Н.Т.***
АНГЛИС ЖАНА НЕМЕЦ ТИЛДЕРИНДЕГИ МОДАЛДЫК ЭТИШТЕРДИ КЛАССТАРГА БӨЛҮШТҮРҮҮНҮН АТКАРУУ КРИТЕРИЙЛЕРИ..........218
***Чойбекова Н.Т.***
КРИТЕРИИ ВЫПОЛНЕНИЯ И КЛАССИФИКАЦИЯ ШИРОКОГО КЛАССА МОДАЛЬНЫХ ГЛАГОЛОВ АНГЛИЙСКОГО И НЕМЕЦКОГО ЯЗЫКОВ........218
***N.T. Choibekova***
THE IMPLEMENTATION OF CRITERIA AND CLASSIFICATION OF A WIDE CLASS OF MODAL VERBS IN THE ENGLISH AND GERMAN LANGUAGES……………………………………..218

**Авторлор тууралуу маалымат**..........223
**Сведения об авторах**..........226
**Information about the authors**.......... 229


КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

**_ПЕДАГОГИКА ИЛИМДЕРИ_**

**_ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ НАУКИ_**

**_PEDAGOGICAL SCIENCES_**

*Джакыпов К.К.*

# КОМУЗЧУЛУК ӨНӨР ТАРЫХЫЙ ЖАНА ПЕДАГОГИКАЛЫК-ЭСТЕТИКАЛЫК ШАРТТАРДА

*Джакыпов К.К.*

# ИСКУССТВО КОМУЗА В ИСТОРИЧЕСКИХ И ПЕДАГОГИКО-ЭСТЕТИЧЕСКИХ УСЛОВИЯХ

*K.K. Dzhakypov*

# ART OF KOMUZ IN PEDAGOGICAL-AESTHETIC AND HISTORICAL CONDITIONS

*УДК: 398.5(575.2) (04)*

*Макалада эстетикалык сезимди калыптандыруунун эң негизги каражаты катары саналган музыканын, анын ичинде, нукура элдик музыканын орду белгиленет. Ушул нукта кыргыз эли менен эриш-аркак кылым карытып келе жаткан кыргыз комузунун мүмкүнчүлүгү, тарыхый калыптануу шарттары каралат, комузга жалпы мүнөздөмө берилет. Макалада ачыкталган комуз тууралуу ушундай маалыматтар, комузчулардын калтырган мурасы келечекте педагогиканын жетишкендиктерин пайдалануу менен алдыңкы эстетикалык тарбия берүү үчүн баштапкы эмпирикалык материал болуп кызмат өтөйт деген ишеним бар. Ошондой эле, макалада элибиз менен эриш-аркак эзелки кылымдардан бери мезгил карытып келе жаткан кыргыз комузунун мүмкүнчүлүкгөрүнө көңүл бөлүнөт жана илимдин азыркы жетишкендиктерин пайдалануу аркылуу анын учурдагы маданияттагы, билимдеги орду али толук ачыла электиги каралып кетет.*

***Негизги сөздөр:*** *кыргыз комузу, музыкалык тарбия, эстетикалык тарбия, эстетикалык табит, педагогика, жаш муундар, күүлөр, маданият.*

*В статье рассматривается роль музыки, в особенности, народной музыки и традиций комуза в формировании эстетического чувства. Дается характеристика комуза, его потенциал в педагогическом процессе и эстетическом воспитании, исторические аспекты и условия формирования. Эти и другие сведения о комузе в статье наследия народной музыки в лице комуза, по мнению автора, может служить в качестве первичного эмпирического материала в обновлении педагогической и музыкальной науки и практики, которые в будущем будут исходит из ценностей личности человека. Вместе с тем, в статье также рассматриваются общая характеристика комуза, подчеркивается то, что потенциал и особенности комуза и его музыки еще раскрыты с использованием возможностей современной науки и музыка комуза еще не нашла свое место в мире культуры и образования.*

***Ключевые слова:*** *кыргызский комуз, эстетическое воспитание, музыкальное воспитание, кыл кыяк, эстетическое восприятие, молодое поколение, мелодии, культура.*

*The article discusses the role of music, especially folk music and traditions of the komuz, in shaping the aesthetic sense. The characteristic of the komuz, its potential in the pedagogical process and aesthetic education, historical aspect sand conditions of formation are given. According to the author, this and other information about the komuz in the article of the heritage offolk music in the person of the komuz can serve as the primary empirical material in updating pedagogical and musical science and practice, which will be based on the values of a person's personality in future. However, the article also discusses the general characteristics of the komuz, emphasizes that the potential and features of the komuz and his music are still revealed using the capabilities of modern science and music of the komuz has not found yet, its place in the world of culture and education.*

***Key words:*** *kyrgyz komuz, aesthetic education, musical education, kyl kyak, aesthetic perception, young generation, melodies, culture.*

Кыргыз музыкасында аспаптык музыка абалтадан эле аваздык музыка менен байланышта эриш-аркак өнүгүп келгендиги белгилүү. Кыргыз элинин аспаптык музыкасы боюнча миң жылдан ашуун тарыхы бар Манас эпосунда маалыматтар жолукканын көрөбүз. Атап айтсак, үйлөмө аспаптардан: керней, сурнай, жез най, чымылдак, чыңыроон, сыбызгы, урма аспаптардан: добул, добулбас, дап, нагыра, чилдирман, жекесан аспаптарынын согуштук жүрүштөрдө эл тойлордо, салтанаттарда колдонулгандыгы баяндалат. Эпостогу айрым эпизоддордо кыргыз улуттук музыкалык аспаптары жөнүндө кеңири маалыматтарды алсак болот.

Ал эми эми окумуштуу, тарыхчылардын илимий эмгектерине кайрылсак, кыргыз элинин музыкалык маданияты тууралуу изилденген эмгектер өтө эле аз.

Колдо болгон маалыматтарга таянсак байыркы Енисей кыргыздарынын музыкалык аспаптары жөнүндө эскерүүлөр Тан дооруна тийиштүү жазма даректерге барып такалат. Ал маалыматтар биздин заманын VII кылымдарын камтыйт. Анда кыргыздарда музыкалык аспаптардан флейта, бубен сыяктуу айрым аспаптар бар экендиги айтылат.

XI кылымдагы Перс автору Гардизинин эмгектеринде да байыркы музыкалык маданиятыбыздан кабар берген кызыктуу штрихтер учурайт. Анда, жыл сайын белгилүү бир күнү музыканттар чогулуп алып көңүл ачышканы, музыканын коштоосунда эстен тангaнга чейин бийлеген «фагинундар» деген адамдар жөнүндө эскерет. Бул бизге чейин жеткен «Калмак бий» күүсүнүн коштоосунда транс (эстен танган) абалда бийлеген бийчилердин өнөрлөрү менен үндөшөт. Орто Азиядагы жаалуу аспаптар жөнүндөгү жазма маалымат IX жана X кылымдарда жолугат. Аль-Фарабинин, Абу-Али-Ибн-Синанын жазгандарына караганда алар формасы жагынан азыркы кобыз, кыл кыяк, гиджакка окшоштугун байкайбыз. Демек кыл кыяк да байыркы заманда жаралган. Ал түрк тилдериндеги элдерге кыл кобыз, кобуз, пишекер кобыз деген ат менен тараган. Какма тилдүү темир, жыгач ооз комуздар тууралуу алгачкы маалыматтар XII кылымдын II жарымында табылган археологиялык табылгаларда жолугат. Ал эми сурнай, керней, чоор, добулбас «Китаби Деде Коркут» аттуу элдик эпосто ( X-XI кылымдардагы) «зурна», «керенай, «барабан, «добул», «дохул» деген аттар менен учурайт.

Ханзу тарыхый маалыматтарына таянып, кытай тарыхчысы Анвар Байтур мындай деп жазат: «Эне-Сай кыргыздары түрк тайпаларынын ичинде көркөм өнөргө өтө бай эл болгон. Алардын сыбызгы, зыңгырама, (зың), бандуулу, доолбас, шыңгыроо деген элдик музыкалык аспаптары жана коомдук турмушунда өтө чоң маңызга ээ комуз өнөрү саналган. Бул музыканы эр-аял, кыз-жигит жана кары-жашы дебей күүгө келтиришкен.

Ошондой эле Жапандык атактуу музыка адиси Аясы Кенту (Ли Чан Сан) деген окумуштуунун «Чыгыш музыкаларын изилдөө» деген эмгегинде Жунгонун (Кытайдын) Таң империясы тушунда кыргыз комузу Ханзу (кытай) музыкалык аспаптары менен бирге Жапанияга барып калган. Жапандыктар бул аспапка өтө көңүл буруп, кыргыз комузунун негизинде «Кьото» деген музыкалык аспапты ойлоп табышкан. «Кьото» кылдуу музыкалык аспап дегенди билдирет [1].

Ал эми Жапаниялыктардын дагы бир музыкалык аспабы Шамисэн деп аталып, анын түпкү тегин дагы сүрүштүрө келгенде кыргыз комузуна байланыштырышат. Ага далил катары аспаптын үч кылдуулугу, аткаруу ыкмаларында окшоштуктар, аткаруучунун чыгарманы ойноп жатканда айтым күүлөрдү аткарып жаткандай ырдап келип кайрадан аспап менен улантып кетүүсү, шамисэнди чертип жатып «оппа», - деп кыйкырып калууларын айта кетүүгө болот.

Кытай тарыхый маалыматтарында кошуна элдердин музыкалык маданияты тууралуу бизге жеткен маалымат. Биздин заманга чейинки экинчи кылымда Ысык-Көлдү жердешкен усундардан арман түрүндөгү сезимиңди козгогон кыздын ыры жазылып алынган. Биздин замандын 630-жылдарында кытай саякатчысы Сюань-Цзянь, Тянь-Шань, Ысык-Көл, Чүй өрөөндөрүндө саякаттап жүргөнүндө Суяб шаарынын аймагында (азыркыТокмок шаарына жакын) түрк каганынын салтанаттуу кабыл алуусунда болгондугун, шаан-шөкөт учурунда музыка ойнолуп, ыр ырдалгандыгын баяндап жазып кеткен. Дагы бир кытай жыл наамасында кидандардын музыкасы тууралуу маалымат берилет. Анда жүз адамдан турган хор, элүүдөн бөлүнүп алып, таң атканча падышанын чатырынын алдында төрт барабандын коштоосунда ырдашкандыгы айтылат. Ушундай эле көрүнүштү кытай саякатчысы Вейхун да (VIII кылым) жазып калтырган.

XIX кылымда кыргыз жергесин изилдөө үчүн келишкен орус элинин алдыңкы өкүлдөрү жазып калтырышкан эскерүүлөрүндө кыргыз музыкалык маданияты боюнча алгылыктуу маалыматтар кездешет.

1870-1883-жылдарда Ташкентте аскердик оркестрдин капельмейстери болуп иштеген А.Эйхгорндун, француз саякатчысы Капюнонун жазып калтырган маалыматтары мактоого арзырлык. Алар элибиздин бир нече аспабын сүрөттөп жазуу менен гана чектелбестен аткарган күүлөрдүн кээ бирөөлөрүн нотага түшүрүп калтырышкан. Албетте кыргыздын элдик музыкасы жана музыкалык аспаптарын изилдеген баалуу эмгектер Советтик мезгилде пайда болду. Ал изилдөөлөр В. Виноградовдун, А. Затаевичтин, В.Беляевдин калемдерине таандык.

Бул изиддөөчүлөр тарабынан учурунда элибизде кылымдар бою атадан балага, муундан-муунга оозеки түрүндө берилип келе жаткан элдик музыкабызды жазуу түрүндө нотага түшүрүп, анын калыбын бузбай сактап калууга жол башталган. Азыркы күндө алардын эмгектери музыка изилдөөчүлөр үчүн негизги таяныч катары пайдаланылууда. Эгемендүүлүккө жеткен элибиздин улуттук аң сезиминен «бизде бардык нерсе Октябрь революциясынан кийин башталган» - деген түшүнүктү жоюу үчүн музыка изилдөөчү, тарыхчыларыбыздын алдында көп иштер турууда.

В.Виноградов өзүнүн «Кыргыздын элдик музыкасы» деген эмгегинде: «Комуз – кыргыздардын эң аздектеген музыкалык аспабы болуп эсептелинет. Өзүнүн аталышы боюнча тектеш көп элдердин аспаптарына окшош болгонуна карабастан өзүнүн жекече өзгөчөлүгү менен Орто Азия чөлкөмүндө курчап турган аспаптардан айрымалуу. Өзбек, Тажик, Түркмөн элдеринин дутары, Казак элинин домбрасы эки кылдуу, беренелүү болгондугу жана күүлөнүшүнүн, ойноо ыкмаларынын окшоштугу жагынан бири бирине бир топ жакындашат. Ал эми кыргыз комузу өзүнүн үч кылдуулугу, беренеси жоктугу, толгоосунун көп түрдүүлүгү, ойноо ыкмаларынын түрлөрү,

тембри боюнча жана аткарыла турган чыгарманын деңгээли менен алардан кашкая бөлүнүп турат» [2].

Ал эми «комуз» деген жазуу түрүндө бизге кездешкен маалыматтардын эң байыркысы VII-IX кылымдарда түрк тилинде чыккан «Коркуд Баба китебинде» («Китаби Дада Коркуд» ) жолугат.

Биз кеп кылып жаткан «комуз» аспабынын келип чыгуу тарыхы, тектеш улуттардын аспаптары менен байланышы жана өзгөчөлүктөрү жөнүндө бизге жеткен маалыматтарга таянсак «комуз» деген термин, эң кеңири таралган термин болуп эсептелинет. Түрк тилине кирген элдердин көпчүлүгүндө: Сибирде, Орто Азидда, Түндүк Кавказда, Украинада комуз, кобыз, ковус, хомых деген фонетикалык түрлүү вариант менен тараган.

Музыка изиддөөчү С.Субаналиевдин «Кыргыздын эддик музыкалык аспаптары» деген эмгегинде автор: «Комуз лексемасынын келип чыгышы түркологдор жана музыка таануучулар тарабынан көп эле жолу түшүндүрүлүп чечмеленген.

Байыркы түрк урууларынын тилинде «кобыз» музыкалык аспаптарга тиешелүү жалпы ат деп эсептегендер туура пикирди биддиргендей деген ойду айтып, автор андан ары: Бул сөз менен алгач үн күчөтүүчү оюлуп жасалган көңдөй резонаторлуу аспап аталган, себеби байыркы түрк тилиндеги «govi» – көңдөй оюлган деген түшүнүктөрдү берген, ал эми «govug» – деген сөз болсо, бакшылар (шамандар) тарабынан жин перилерди кубалоодо айтылуучу сөз болгон. Сөздүн ушул мааниси Махмуд Кашкарынын белгилүү сөздүгүндө чагылдырылган. Азыркы учурда деле эне тилибизде кобул, күбүр – деген сөздөр кеңири пайдаланылууда жана мааниси боюнча «кобул» бир нерсенин астынын көңдөйлөнүп оюк болушун, ал эми «күбүр» кышында суу кузгундап көтөрүлгөндө муз туруп, кийин суу нугуна түшкөндө муздун көпүрө сымал суунун үстүндө туруп көңдөйлөнүп калган жерин түшүндүрөт эмеспи. Айтылган ойду толуктоочу мисал катары кыргыз, казак бакшыларынын комузду, кобызды, ал эми якут бакшыларынын добулбас менен катар кылдуу аспапты колдонгондорун көрсөтүүгө болот. Кийинчерээк сөздөр үчүн мүнөздүү болгон семантикалык контоминциянын негизинде кылдуу гана музыкалык аспап эмес жалпы эле музыкалык аспаптарга колдонула баштаган деп болжоддоого негиз бар. Буга мисал катары Украиндыктардын «кобзасын» алалы. Ал чертме аспаптын ушундай аталышы, байыркы түрк тилиндеги кылдуу аспапта ойноо, комуз чертүүнү түшүндүргөн (кобза) govza лексемасынан келип чыккан. Анын мындай түшүндүрүлүшү байыркы Киевдик орус мамлектинин, кыпчак урууларды менен болгон тыгыз карым катнашына байланыштуу.

Кыргыз элине белгилүү музыка таануучулардын бири Б.Алагушов «Кыргыздын элдик музыкалык аспаптары» – деген эмгегинде түрк тиддүү эддерден болгон тектеш элдерде улуттук аспаптарынын аталыштарына токтолуп төмөндөгүдөй тизмени келтирген:

Казактарда, кара калпактарда - кобыз, шаң кобыз;

Хакастарда - хомыс;

Якуттарда - хомус;

Чубаштарда - кабаш же кабас;

Өзбектерде - кобуз (чоң кобуз);

Дагестандарда - агая кумуз;

Тувалыктарда - темир комус, хулузун комыс;

Башкырларда - кубыз;

Алтайлыктарда - комыс;

Азербайжандарда - копуз;

Түркмөндөрдө - копыз ж.б. [3].

Жогоруда биз келтирип өткөн окумуштуулардын жыйынтыктары боюнча комуз аспабы курчап турган кошуна элдердин улуттук музыкалык аспаптары менен аталышы, чертилиши тарабынан окшоштуктары болгону менен музыка таануучу В. Виноградов белгилегендей: ... «Комуздун аны курчап турган аспаптардан кескин айырмалап турган өзгөчөлүгү анын үч кылдуулугунда. Бул комузда аккорддорду, үч үндүктөрдү ойноого эң сонун мүмкүнчүлүктөрдү берет. Ал эми комуздун беренесиз болушу аткаруучудан мыкты музыкалык жөндөмдү талап кылат. Мына ушундай өзгөчө жаралып, кыргыз улуттук музыкалык аспаптарынын көч башында турган комуз аспабы жөнүндө маалыматка токтолсок. Кыргыз элин боордош элдерден өзгөчөлөп, айрымалап, өнүгүүнүн жогорку деңгээлине жеткен оозеки чыгармачылыгында комуз аспабынын жаралышы жана анда аткарылган алгачкы музыкалык чыгарма тууралуу бизге жеткен маалыматтарга таянсак, комуз аспабын эң биринчи Камбар деген адам (бирде мергенчи, бирде хан болуп айтылат) жасап жана эң алгач музыкалык чыгарма жаратып черткенин, ал бизге «Камбаркан» деген ат менен келип жеткендигин билебиз.

Аспап жөнүндө Кыргыз рухунун туу чокусу» аталган Манас эпосунда кабарлагандай комуз өнөрчүлүгү ошол кезде эле эл турмушуна терең сиңип калгандыгы байкалат жана комуз эмнеден чабылып, жасала тургандыгы ачык, так, элестүү көркөм баяндалат:

Өрүктөн комуз чаптырган,
Үкөктөп капкак жаптырган,
Чарасын терең ойдурган
Тепкесин тайкы койдурган.
Ичеги кылын тактырган,
Аркы-терки кактырган,
Күүсүн уккан жактырган
Комузчудан жүздү алып .

Комуз аспабы тууралуу бүгүнкү күнгө чейин жеткен Орто Азия жана Чыгыш элдеринин улуттук аспаптары боюнча маалыматтарды изилдеген окумуштуу, тарыхчылардын илимий эмгектерине кайрылсак тектеш элдер сыяктуу эле кыргыз элинин музыкалык аспаптары жөнүндө маалыматтар кездешет. Эгемендүүлүк жылдарында эки элдин ортосундагы достук мамиленин өөрчүгөндүгүнө байланыштуу жетишип жаткан өз ара маалымат алышуу, илим,

маданият жаатында биргелешип иш жүргүзүү боюнча жетишилген ийгиликтердин негизинде байыркы кытай жазма даректеринен элибиздин тарых-таржымалы тууралуу көптөгөн даректерди алууга жетише баштадык. Мына ошол кытай жазмасынын Ханзу тарыхый маалыматтарына таянып, кытай тарыхчысы Анвар Байтур мындай деп жазат:

«Комуз музыкасы жаңы эрадан илгери биринчи кылымдарда ата мекенибиздин ички райондорунда таркаган. Жаңы эрага чейин 33-жылы Хан империясынын падышасы Хань Юалдий ордо кенезектеринин бири болгон Ван Хавчун деген кызды Уннулардын теңир кутуна «падышасына» узаткан. Бир канча жылдан кийин Ван Хавчун өз мекени Чоң-Аит шаарына кайтканда бир музыка ала келген. Конок ашында олтурган бир аалым:

- Бул музыканын аты эмне ? - деп сураган.

- Бул «кобус» деген музыка болот, - деп жооп берген Вах Хавчун.

- «Кобус» кыргыздардын «комуз» деген сөзүнөн чыккан болсо керек...» [4].

- Бул багытта кыргыз улуттук аспаптарынын тарых таржымалын изилдөө боюнча көрүнүктүү адис С.Субаналиев «Кыргыз элдик музыкалык аспаптары» деген эмгегинде (Фрунзе: Адабият, 1991.) төмөнкүдөй ой бөлүшөт: - Байыркы Енисей кыргыздарынын музыкалык аспаптары жөнүндө эскерүүлөлөр Тан дооруна тийиштүү жазма даректерге барып такалат. Ал маалыматтар биздин эранын VIII-X кылымдарын камтыйт. Мындай маалыматтар өзгөчө өткөн кылымдын географ-саякатчылардын, тарыхчы этнографтардын сапардагы кезде жазган эскерүүлөрүндө, илимий эмгектеринде кездешет.

Алсак, П.П. Семенов-Тянь-Шанский, Н.А. Северцев, Ч. Валиханов, Ф. В. Поярков, Н.А. Маев, Т.С. Загрятский, В.Радлов ж.б. Алар элибиздин турмуш тиричилигинин өзгөчөлүгүн сүрөттөө менен катар анын музыкалык аспаптары жөнүндө да маалыматтарды беришкен. Аталган авторлорго тийиштүү эскерүүлөрдөгү баса көрсөтүлүүчү нерсе, музыкалык аспаптарыбыздын күндөлүк турмушта ээлеген ордунун, аткарган «миддетинин» кеңири чагылдырылышы. Мындай жөрөлгөнү акыркы жылдарда С.М. Абрамзон, Е.И. Махова, Ж.Т. Баялиева, К.И. Антипина сыяктуу тарыхчы этнографтар улантышып келүүдө. Албетте кыргыздын элдик музыкасы, анын ичинде музыкалык аспаптарын изилдеген баалуу эмгектер Советтик мезгилде пайда болду, ал изилдөөлөр А.В.Затаевичтин, В.С. Виноградовдун, В.М. Беляевдин ысымдары менен байланыштуу деп жогоруда белгилеп кеткен элек.

В. В. Виноградов «Кыргыздын элдик музыкасы» - деген эмгегинде «Комуз – кыргыздардын эң аздектеген музыкалык аспабы, жана түштүктө Алайдын тоолорунан тартып, түндүгү Тянь-Шань тоолорундабы же Чүй өрөөнүндө болобу бардык жерде, шаар кыштагында, кары жашы дебей комузду абдан баркташат» - деп жазып келип, ошондой болсо да комуздун таралышы Кыргызстандын бардык жеринде бирдей эмес. Түштүктө саал сейрек кездешип, негизинен обон күүлөр гана чертилсе, негизги комузчулук өнөр кеңири таралган, терең салтка айланган жагы Чүй өрөөнү менен түндүк жагы деп белгилей кеткен.

Мына ушундай элибиз менен эриш-аркак кылым карытып келе жаткан кыргыз комузунун мүмкүнчүлүгүнө жалпы мүнөздөмө берсек, болжолдуу түрдө комуз аспабында 13 төн ашык күүлөнүш, 9 га жакын тоом (позиция) бар. Бирок алардын ичинен I-VI га чейинкилери негизги томдор деп алынат. Калган томдордо сейрек кана кээ бир кайрыктар же айрым бир добуштар ойнолот. Көпчүлүк учурларда чебер комузчулар сайратып чертүү аркылуу (флажолето) негизги тоомдордон ойноону өздөштүрүшөт. Комуздагы шыпыра добуш катары (диапазону) чоң октаванын «ля» добушунан II октаванын «ля» добушуна чейинки кеңдикти камтыйт.

Аспаптын толгонушу бобнча айтсак. Негизгилерден болуп саналган толгоолордо, «чын толгоо», «оң толгоо», «бош толгоо», «сол толгоолордо» комуз күүлөрүнүн 90%ка жакыны чертилип, ортоңку – экинчи кылы адатта эки четки биринчи жана үчүнчү кылдардан кварта же квинтага жогору толгонот. (комуз кылынын катарын бети өзүбүздү карап турганда оңдон солду карай эсептейбиз). Чыгармалар дээрлик I жана II кылдарда ойнолуп, ал эми үчүнчү кыл, ачык түрдө (бурдон) коштоп, бастын ролун аткарат. Ортоңку кылдын бийиктиги аспаптык музыкаларды – күүлөрдү чертүүдө азыркы учурда кеңири таралып, жалпыга кабыл алынган эреже катары колдонулуп жүргөнү, кичине октаванын «ля» добушуна туура келет. Комуз аспабында ладдык өзгөрүүлөр толгоолорго жана ага карата аппликатуранын өзгөрүшүнө да тыгыз байланышкан.

Ал эми ырларды коштоп аккомпонирлөөдө, ырчынын ырдоо мүмкүнчүлүгүнө жараша эркин толгоно берет.

Комуз аспабы өрүк, алмурут, жаңгак, тыт, кара жыгач, кызыл жыгач, карагай, арчадан чабылат. Ошондой болсо да комуздун өрүктөн, арчадан чабылганы өзүнүн добушунун бийиктиги, тембрынын коозлугу, тунуктугу менен айрымаланат. Түзүлүшү боюнча комуз алмурут сыяктуу келип, негизги үч бөлүккө: тулкусу, моюну, башы болуп бөлүнөт да жалпы төмөндөгүдөй бөлүктөрдөн турат.

Кыргыз элинин өсүп өнүгүүсүнө өзгөчө тарыхый мааниге ээ болгон совет доорунда комуз аспабын өркүндөтүү (модернизациялоо) боюнча көптөгөн иштер аткарылды. Комуз буга чейин жайлоодо боз үйлөрдө же болбосо эл чогулган кичинекей аянтчаларда ойнолуп жүрсө, кийинки жетимиш жылдын ичинде аудиториясы өсүп, чоң-чоң сахналарда өзүнүн жаңы өмүрүн кечирип, таңшыган үнүн элге тартуулай баштады. Аспап жасоочу чеберлер комуздун добуштук мүмкүнчүлүгүн өркүндөтүүнүн үстүндө көп эмгектенишүүдө. Жогоруда белгилегендей кыргыздын улуттук

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ КАДРОВ

маданиятын, анын ичинен аспаптык музыкасын изилдеп, аны сактап калууга Совет бийлигинин жылдарында терең көңүл бурулган. Агартуу комиссариатынын чакыруусу менен 1928-жылы музыковед - фольклорист Александр Викторович Затаевич (1869 - 1936) келген. Бул адамдын келүүсү менен кыргыз музыкалык маданиятында улуу бурулуш болду. Эки айдын аралыгында Токтогул, Карамолдо, Муратаалы ж.б. өңдүү залкарлардын чыгармаларын нотага түшүрүп, өзүнчө жыйнакка киргизген. 1934-жылы жыйнак «250 кыргыздын аспаптык музыкасы жана ырлары» деген ат менен жарык көргөн. Ошондой болсо да анын ишин улантып, кыргыз музыкасына илимий - теориялык аныктама берүүдө музыка изилдөөчү В.С. Виноградов негиз салуучулардын бири катары эң чоң салым кошту. Бирок биз карап жаткан тармак комуз күүлөрүн эстетикалык тарбиялык нарк-насили багытында болгондуктан комуздун тембрдык, техникалык мүмкүнчүлүктөрүн үстүртөн, тааныштыруу ирээтинде гана бердик.

Кылым бою кыргыз элинин «жүрөк добушу» катары кызмат кылган комуз күүлөрү мезгил элегинен бир эмес миңдеп өтүп, бүгүнкү күндө дүйнөлүк музыкалык маданиятта өз орду өз жүзү менен орун алуу укугу менен келип жетти. Күүлөрбүздүн мазмунунда элибиздин турмуш тиричилигинин, басып өткөн жолунун дээрлик бардык тарабы камтылган.

**Адабияттар:**


1. Анвар Байтур. Кыргыз тарыхынын лекциялары. - I китеп. - Бишкек, 1992. – 114-115-бб.
2. Виноградов В.С. Киргизская народная музыка. - Фрунзе, 1958.
3. Алагушев Б. Кылымдардын кылдары. - Фрунзе, 1983.
4. Анвар Байтур. Кыргыз тарыхынын лекциялары. - I китеп. - Бишкек, 1992.


**Рецензент: к.пед.н., доцент Сейдакматов М.**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ